*Балдар эмгеги менен күрөшүүнүн*
*Бүткүл дүйнөлүк күнүн биз менен тосуңуздар.*

Бүткүл дүйнөлүк күн, ар бир адамга, балдар эмгегине каршы өз үнүн көтөрүүгө жана балдардын билим алуу укугу үчүн чыгып сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Сизди жана сиздин уюмуңузду Балдардын эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүнө катышууга чакырабыз.

Бизге жана балдар эмгеги менен күрөшүүнүн бүткүл дүйнөлүк кыймылына кошулуңуз.

**Кошумча маалымат үчүн кайрылыңыз: ipec@ilo.org**

# БАЛДАР ЭМГЕГИ

## менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнү

## 12-июнь 2015-ж.

# Балдар эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнү

## 12-июнь 2015-ж.

Эл аралык
Эмгек
Уюму



# БАЛДАР ЭМГЕГИНЕ

# Жок

# САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮГӨ

# Ооба

Акыркы баа берүүлөр боюнча, дүйнөдө балдар эмгегине 5 жаштан 14 жашка чейинки курактагы 120 миллион бала балдар эмгегине тартылган жана бул курактагы топто балдар менен кыздар бирдей үлүштү түзүшөт. Балдар эмгегинин кенен таралуусунун себеби – бул жакырчылык, чоң адамдардын арасындагы татыктуу эмгектин жетишсиздиги, социалдык коргоонун жоктугу жана жумушка алуу үчүн минималдуу жаш - куракты мыйзам менен бекитүү аркылуу бардык балдар үчүн мектепте окууну камчыз кылуу мүмкүн эместиги.

Бул жылы Бүткүл дүйнөлүк күндүн борбордук темасы – бул балдар эмгеги менен күрөшүүнүн каражаты катары сапаттуу билим берүүнүн ролу. Бул тема өтө актуалдуу, анткени 2015-жылы эл аралык коомчулуктун алдында билим берүү тармагында жаңы максаттарды жана стратегияларды түзүү жана буга чейин коюлган тапшырмалардын аткарылбай калуусунун себептерин талдап чыгуу иштери турат.

Бул жылы балдар эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүн белгилөө менен, биз чакырабыз:

- бардык балдар үчүн акысыз, милдеттүү жана сапаттуу билим берүү менен камсыз кылууга, жок дегенде жумушка алуу үчүн минималдык жаш-куракка алардын жетилүүсүнө чейин, азыркы мезгилде балдар эмгегине тартылган балдарга билим берүүнү камсыз кылуу үчүн чараларды көрүүгө;
- балдар эмгеги тармагында улуттук саясаттын ирettүү жана эффективдүү болуусуна мындан да көбүрөөк аракеттенүү менен жетишүүгө;
- сапаттуу билим берүүгө жеткиликти камсыз кылууга жана мугалимдик адистерди даярдоого инвестицияларды бөлүүгө багытталган саясатты ишке ашырууга.

## Балдар эмгегине ЖОК, сапаттуу билим берүүгө ООБА!

Көпчүлүк иштеп жаткан балдар мектепке барышпайт, башкалары мектепке иштеп барышат, көбүнчө иштөө үчүн окууну таштаашат. Мындай балдар жетиштүү билим жана өнөр алышпайт, чоңойгондо аз акы төлөнүүчү жана туруксуз жумуш орундарында эмгектенишет же жумушсуз болушат, ал эми алардын балдары, өз кезегинде, баарынан мурда иштөөгө мажбур болушат. Бул туюк айлананы токтотуу – глобалдык маселе, жана аны чечүүдөгү негизги рол билим берүүгө тиешелүү.

Баланы жумушка кабыл алуу үчүн минималдык жаш-куракка жетилүүсүнө чейин акысыз, милдеттүү жана сапаттуу билим берүү менен камсыз кылуу – бул балдар эмгеги менен күрөшүүнүн негизги инструменти. Мектепке баруу эмгек рыногунан балдардын баарын болбосо да, көпчүлүгүн алууга мүмкүнчүлүк берет, ошондой эле, киреше алып келүүчү жумуш менен камсыз болуу келечегин ачуучу, профессионалдык билимдерди өздөштүрүүсү үчүн негиз түзөт. Мектептен жумушка өтүүдө жаш адамдар дуушар болуучу, жаштардын жумуш менен алек болуу дүйнөлүк кризиси жана маселелери, эмгек рыногуна ийгиликтүү чыгуусу жана жалпысынан жашоодогу ийгилиги үчүн, керектүү болгон билимдерди алууга мүмкүнчүлүк берүүчү, сапаттуу жана актуалдуу билим берүүнүн ролун мындан да көбүрөөк көрсөтүүдө.

Бириккен Улуттар Уюмунун миңжылдыкты өнүктүрүү Максаттарында, 2015-жылга дүйнө жүзү боюнча бардык балдардын баарына – балдардын жана кыздардын - баштапкы билим алуу мүмкүнчүлүгүн толук кандуу камсыз кылуу тапшырмасы коюлган. Бүгүн бул тапшырма аткарылбастыгын, биз билебиз. ЮНЕСКОнун дүйнөдө мектеп билим берүүсү менен камсыдыгы боюнча акыркы маалыматтарында, мурдагыдай эле кичүү жаш-курактагы 58 миллион жана 63 миллион өспүрүм мектептеги орто жаштагы балдар мектепке барышпайт. Көпчүлүк балдар мектепте катталышат, бирок сабактарга туруктуу барышпайт. Бүгүнкү күндө эл аралык коомчулук коюлган максаттардын аткарылбай калуусунун себептерин талдоодо, мунун ичинде, көп убактан бери сакталып келе жаткан балдар эмгеги - бул билим берүү жана өнүктүрүү жолундагы тосук. Эгерде балдар эмгегинин маселесине көңүл бурулбаса, же иштеп жаткан мыйзамдар эффективдүү колдонулбаса, анда балдар мектепке баруунун ордуна, мурдагыдай эле, ишке барышат. Маселени улуттук жана жергиликтүү деңгээлде чечүү үчүн, иштеп жаткан балдарды таап, алар менен иш жүргүзүү керек.

## Балдар эмгеги тармагында улуттук саясаттын ирettүү жана эффективдүү болуусун камсыз кылуу

Жумушка кабыл алуу үчүн минималдык жаш-курак жөнүндөгү Эл аралык Эмгек Уюмунун №138 – Конвенциясында, жумушка кабыл алуу үчүн минималдуу жаш-курак жана билим берүүнүн ортосундагы өз-ара тыгыз байланыш белгиленет. Конвенцияда минималдуу жаш-курак "мектеп билим берүүсүн милдеттүү аяктаган жаш-куррактан төмөн болбоосу керек, кандай болгон учурда да, 15 жаштан төмөн болбоосу керек" деп айтылат. Бирок, жакындагы изилдөөлөр, жумушка кабыл алуу үчүн минималдуу жаш-курагы жана милдеттүү билим берүүнү аяктоо жаш-курагы коюлган мамлекеттердин 60 пайызы гана, бул эки жаш-курак чегин карманышканын күбөлөшөт. Бул улуттук саясатты жана балдар эмгеги менен күрөшүүнүн стратегиясын мындан да эффективдүү координациялоо керектигин белгилейт. Бул иште негизги рол, балдар эмгеги менен күрөшүү чараларын каржылоодо жана тийиштүү саясий чараларды түзүүдө өкмөттөр менен иштешкен, Эл аралык Эмгек Уюмуна жана башка Бириккен Улуттар Уюмунун атайын агенттиктерине таандык.

## Сапаттуу билим берүүгө жеткиликти жана мугалимдик адистерди даярдоого инвестицияларды бөлүүнү камсыз кылуу

Билим берүү жана даярдоо социалдык жана экономикалык өнүктүрүүнүн негизги кыймылдатуучу факторлору болуусу мүмкүн жана бул максакттарга тийиштүү каржылоо бөлүү керек. Эскирген мектеп жабдыктары, класстардын жана квалификациялуу мугалимдик адистердин жетишсиздиги билим берүүгө шарт түзбөстүгү эле эмес, окуучуларды да мектептен алыстатышат. Көпчүлүк балдар үчүн, өзгөчө айылдык райондордо, баштапкы мектепте окуу деңгээлинде аяктайт, себеби жакын арада башка окуу жайлары жок. Жыйынтыгы белгилүү: балдар жумушчу күчүнө, жумушка кабыл алуу үчүн мыйзамдуу коюлган минималдык жаш-куракка жетилбестен, кошулушат. Тыянак: мамлекеттик билим берүү жана даярдоого жетиштүү инвестицияларды камсыз кылуу керек.

Эл аралык Эмгек Уюму ушундай эле, билим берүү кимден чечүүчү даражада көз каранды болсо, аларды да колдойт. Кеп, мугалимдер жөнүндө айтылууда. Эл аралык Эмгек Уюму ЮНЕСКО менен, билим берүү тармагынын кызматкерлерине арналган, Сунуштарда бекитилген, бардык деңгээлдердеги сапаттуу билим берүүнүн принциптерин ишке ашырууда. Социалдык диалог жолу менен квалификациялуу жана компетенттүү мугалимдер үчүн татыктуу эмгек шарттарын камсыз кылуу – сапаттуу билим берүүдөгү эң негизги кадам.

## Аракеттенүү жана жыйынтыктарга жетишүү

Учурдагы татаалдыктарга карабастан, тийиштүү оң жыйынтыктарга жетишилди жана дагы көп нерселерди жасоого болот. Акыркы он жылдыкта балдар эмгегинин масштабынын төмөндөөсү жана мектептердин окуучуларынын санынын өсүүсү боюнча тенденциялар байкалган. Ошентсе да, балдар эмгегин токтотуу үчүн дагы көп нерселерди жасоо керек болуп турат. Биринчи кезекте, бүгүнкү күндө кайсы багыттар боюнча прогресске жетишилгендигин аныктоо керек, жана бул оң тажрыйбаны алдыга активдүү жылуу үчүн колдонуу керек. Эң маанилүү кадамдардын ичинен төмөндөгүлөрдү атоого болот:

- акысыз, милдеттүү жана сапаттуу билим берүүнү;
- бардык балдарга жана кыздарга коопсуз жана
- сапаттуу окуу шарттарын камсыз кылууну; формалдуу билим берүү системасында окууну өткөрүп жиберишкен, чоңураак жаш-курактагы балдарга билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүүнү. Бул маселе, анын ичинде, мындай балдар үчүн профессионалдык окутууну, бир эле мезгилде базалык билим алуу менен бирге, уюштуруу аркылуу чечилет;
- балдар эмгеги жана мектеп билим берүү тармагында мыйзамдарды колдонууну ирettүү жана эффективдүү камсыз кылууну;
- мектеп билим берүү системасын кеңейтүү максатында, социалдык коргоо тармагында саясатты ишке ашырууну;
- профессионалдык жана негизделген мугалимдик адистерди даярдоону жана социалдык диалог аркылуу аларга татыктуу эмгек шарттарын камсыз кылууну;
- мектепти бүтүрүп, эмгек рыногуна чыгып жаткан, жаш жумушчуларды, эмгектин жагымсыз формаларына тартылууларынан коргоону.